УДК 373.2

***Жумабекова А.Ж., Асаналиева Ш.Т.***
*Жумабекова А.Ж. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Асаналиева Ш.Т. – улук окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*

# АРАЛЫКТАН ОКУТУУДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ И МЕТОДЫ ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ДИСТАНЦИОННОМ ОБРАЗОВАНИИ

# PEDAGOGICAL ASPECTS AND METHODS OF ORGANIZING EXTRACURRICULAR ACTIVITIES IN DISTANCE EDUCATION

***Аннотация.*** *Бул макалада аралыктан окутууда класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун педагогикалык аспектилери жана методдору каралат.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются педагогические аспекты и методы организации внеклассной деятельности при дистанционном образовании.*

***Abstract.*** *This article examines pedagogical aspects and methods of organizing extracurricular activities in distance education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *аралыктан окутуу, класстан тышкаркы иштер, методдор, педагогикалык аспектилер, уюштуруу.*

***Ключевые слова:*** *дистанционное обучение, внеклассная деятельность, методы, педагогические аспекты, организация.*

***Key words:*** *distance learning, extracurricular activities, methods, pedagogical aspects, organization.* ***Билим берүүнүн башкы максаты — билим гана эмес, баарынан мурда иш-аракет. Н. Ж. Мирон***

Балдардын мектеп турмушуна ыңгайлашуусу жана көнүп кетүүсү алар башталгыч мектепке кирген учурдан тартып башталат. Бул мезгил окууга позитивдүү мамилени калыптандырууда, мугалимдер жана бирге окуган окуучулар менен байланыш түзүүдө, ошондой эле жаңы билим берүү чөйрөсүн өздөштүрүүдө негизги ролду ойнойт. Балдардын мектепке ыңгайлашуусунда ата-энелердин ролу маанилүү болуп саналат. Алар балага окуунун жаңы этабына даярданууга, анын таасирлерин жана тынчсыздануулары талкуулоого, ата-энелер чогулуштарына жана мектеп иш-чараларына катышууга жардам берет. Мектеп турмушуна жылмакай киришүү балдардын оңой ынгайлашуусуна, көнүшүнө класста позитивдүү атмосфераны түзүү балдардын мектепке ыңгайлашуусуна шарт түзөт. Мугалим оюндарды, оюн-зоок иш-чараларын өткөрүп, ар бир окуучунун жеке муктаждыктарына көңүл буруусу абзел. Ар кандай окутуу ыкмаларын колдонуу окуучуларга окуу материалдарын жакшыраак өздөштүрүүгө жана өз жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүүгө жардам берет. Мындан тышкары башталгыч мектепте окуучуларды класстан тышкаркы иштерге тартуу аларга мектептин жамаатынын бир бөлүгү катары сезүүгө жана мектептен тышкары кызыкчылыктарды өнүктүрүүгө жардам берет. Бул ар кандай долбоорлор, спорттук секциялар жана башка иш-чаралар болушу мүмкүн. Балдарды башталгыч мектепке ыңгайлаштыруу мугалимдерден, ата-энелерден жана мектеп жамаатынын кылдат жана жекече мамилени талап кылган процесси. Ар бир балага жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү ийгиликтүү өздөштүрө ала турган колдоочу жана дем берүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү маанилүү.

Класстан тышкаркы иш окуучунун инсан катары ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Башталгыч мектепте

технологиянын өнүгүшү жана аралыктан окутуунун киргизилиши менен класстан тышкаркы иштерди уюштуруу үчүн жаңы чакырыктар жана мүмкүнчүлүктөр пайда болууда. Бирок бул аралыктан окутуу процесс, даярдык жок учурда же болоо COVID-19 пандемиясынын учурунда өтүү кызуу талкууларды жаратты. Бул убакка чейин долбоордук тапшырма катары берилип бир аз элементтер колдонулуп келсе азыркы тапта аралыктан окутуу туруктуу денгээлге жеткен учуру. " өлкөнүн аймагында ар кандай каналдарды жана форматтарды колдонуу менен окуу процессин камсыз кылуу үчүн тез чараларды көрүштү. Бирок азыр Борбор Азия өлкөлөрү жаңы билим берүү системасынын пайдубалын түптөй тургандай жооп бериши керек - сапаттуу, туруктуу жана адилеттүү болуусу абзел", - деди Дүйнөлүк банктын Борбор Азиядагы билим берүү боюнча жетектөөчү адиси Айша Ваудa.

Аралыктан окутууда болгон аракет, убакыт, талыкпаган эмгектин артында мугалимдер жер жерлерде туруктуулукту камсыз кыла алды. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруудагы биринчи кадам бул салттуу ыкмаларды онлайн форматка ыңгайлаштыруу болуп саналат. Физикалык жолугушуулардын ордуна окуучулар менен баарлашуу үчүн видеоконференцияларды, онлайн платформаларды жана социалдык тармактарды, телевидениени колдонуп келебиз. Рысбек Усубалиев атындагы орто мектептин башталгыч класстын окуучулары үчүн колдонулуп келе жаткан аралыктан окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана ыкмаларын айта кетсем:

Интерактивдүү методдорду колдонуу

Башталгыч мектептер үчүн дистанттык окутууну уюштурууда эске алынуучу негизги аспектилердин бири сабактардын ийкемдүүлүгү жана интерактивдүүлүгү болуп саналат. Жаш жеткинчек балдар активдүү катышууга жана окуунун ар кандай формаларына муктаж, ошондуктан интерактивдүү онлайн платформаларды, оюндарды, анимацияларды жана материал менен активдүү өз ара аракеттенүүнү жеңилдеткен куралдарды колдонуу маанилүү. Дистанттык окутуу интерактивдүү оюндарды колдонуу менен башталгыч класстар үчүн кызыктуу кылуусу мүмкүн.

*Google Classroom* же *Microsoft Teams*-эки платформа тең интерактивдүү тапшырмаларды, анын ичинде табышмактарды, кроссворддорду жана шайкештик тапшырмаларын түзүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып бере алды.

«Кагаз жана карандаш оюндары», «Деңиз согушу», «Ноль жана кресттер», шахмат жана логикалык оюндар сыяктуу оюндарды видеоконференциялар же атайын онлайн такталар аркылуу аралыктан окутууну ыңгайлаштырылды.

*Google Earth* же виртуалдык музей турлары сыяктуу ресурстарды колдонуу менен виртуалдык экскурсияларды өткөрүп, Эрмитаж жана Пирамидалар менен кызыктуу сапар уюштуруп жатабыз.

Мамилени жекелештирүү

Ар бир окуучу уникалдуу, класстан тышкаркы иштерди уюштурууда анын жеке муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алуу маанилүү. Аралыктан окутуу ар бир окуучуга ийкемдүү жана жекелештирилген мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берет, мисалы, анын артыкчылыктары жана билим деңгээли боюнча кошумча материалдарды же тапшырмаларды берүү.

Көз карандысыздыкты стимулдаштыруу

Аралыктан окутуу окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Класстан тышкаркы иш материалды өз алдынча изилдөөгө, өзүн өзү текшерүүгө жана ой жүгүртүүгө түрткү бере тургандай уюштурулушу керек. Мисалга, окуучулардын илимий изилдөө долбоорлор үчүн темаларды өз алдынча тандоого же аларды кызыктырган

маселелер боюнча онлайн талкууларды уюштуруу каралган. Балдар реалдуу дүйнө менен байланышкан ар кандай көйгөйлөрдү жана кызыкан темасын ачкан долбоордук иш-чараларды өткөрүү алардын жаны көндүмдөрүн ачууга түрткү болот.

Онлайн жамаатарды түзүү

Аралыктан окутууда класстан тышкаркы иштердин маанилүү аспектилеринин бири окуучулардын тажрыйба, идеялары менен алмашып, бири-бирин колдой турган онлайн жамааттарды түзүү болуп саналат. Бул блог, форум, социалдык медиа тобу же баарлашуу үчүн атайын түзүлгөн виртуалдык мейкиндик болушу мүмкүн. Биз учурда *WhatsApp, ТГ, Instagram,* Meta Platforms *колдонуп келебиз.* Мурда мынчалык тыгыз мамиле жок болсо, пандемиядан кийин ар бир класстын окуучулары, ата-энелери менен баарлашууга виртуалдык мейкиндик ачылып жана жекеме жеке кайтарым байланыш мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул аралыктан окутууда класстан тышкаркы иштерде баа берүүнүн жана кайтарым байланыштын маанилүүлүгүн жогору койгондун натыйжасы. Мугалим окуучулардын жетишкендиктерин такай баалап, аткарылган тапшырмалардын жыйынтыгы боюнча пикирлерин айтып турууга тийиш. Бул окуучулардын активдүү окууга шыктандырууга жана алардын мотивациясын жогорулатууга жардам берет.

Технология интеграциясы

Технология аралыкта окутууда класстан тышкаркы иштерди уюштурууда негизги ролду ойнойт. Алар интерактивдүү окуу материалдарын түзүүгө, онлайн иш-чараларды өткөрүүгө жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоого мүмкүндүк берет. Технологияларды окуу процессине билгичтик менен интеграциялай билүү маанилүү, алар окуу максаттарына кызмат кылат жана алардан алаксыбайт. Заманбап дүйнөдө аралыктан окутуу, анын ичинде башталгыч класстын окуучуларынын иичнде дагы кеңири жайылууда. Бул окуу мезгили балдардын негизги билимдерин, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат. Кенже мектеп окуучулары үчүн дистанттык окутууда визуалдык куралдарды жана мультимедиялык ресурстарды колдонуу маанилүү. Ар кандай сүрөттөр, анимациялар жана видеосабактар балдардын көңүлүн бурууга жардам берет жана окуу материалын түшүнүүнү жеңилдетет. "Баластан" каналы менен бирге сабак окуйлу, практикасы бул эн маанилүү үлгү боло алды.

Аралыкта окутууну уюштуруу окуучуларды натыйжалуу окутуу үчүн педагогикалык аспектилерди кылдаттык менен эске алууну талап кылат. Ар бир сабак же долбоордук иш так жана ишке ашуучу окутуу максаттарын жана күтүүлөрү менен коштолуусу зарыл. Бул окуучуларга алардан эмне күтүлүп жатканын түшүнүүгө жардам берет жана аларга окуу процессинде так багыт берет. Материалдар жана тапшырмалар бардык окуучулар үчүн, анын ичинде интернетке же компьютерге кирүү мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн жеткиликтүү экендигин так білүү абзел. Зарыл болсо, үйрөнүүнүн жана баарлашуунун альтернативдүү жолдорун камсыз кылуу абзел. Башталгыч мектеп окуучулары үчүн онлайн сабактар, аралыктан окутуу менен бирге жекеме жеке баарлашууну дагы эске алуу керек. Үзгүлтүксүз тыныгуулар, көнүгүү жана ойноо жана көңүл ачуу убактысы да окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Балансты сактоо менен окутуунун максаттарына жана күтүүлөрдү камсыз кыла алабыз. Башталгыч класстын окуучулары үчүн дистанттык окутуу алардын муктаждыктарына жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө мамилени жана көңүл бурууну талап кылат. Мугалимдер жана атаэнелер балдардын онлайн билим берүү форматында толук өнүгүшүнө көмөктөшүүчү колдоочу жана стимулдаштыруучу окуу чөйрөсүн түзүү үчүн биргелешип иштешүүсү манилүү.

**Адабияттар:**


1. https://www.instagram.com/p/CEwYv7cjJu2/?utm_source=ig_web_copy_link
2. https://www.facebook.com/p/%D0%A0%D1%8B%D1%81%D0%B1%D0%B5%D0%BA%D0%A3%D1%81%D1%83%D0%B1%D0%B0%D0%BB%D0%B8%D0%B5%D0%B2%D0%9E%D1%80%D1%82%D0%BE-%D0%9C%D0%B5%D0%BA%D1%82%D0%B5%D0%B1
3. https://www.instagram.com/rysbek_usubaliev_orto_mektebi?igsh=MXdzamF1dW9uNjNtaQ==

4. Живоглядов В.П.. Когнитивная информатика в электронном образовании. Международная научно-практическая конференция «Информационные технологии в образовании: состояние, проблемы и перспективы». Бишкек, 2011. 5. Карпенко М.П. Телеобучение. М.: СГА, 2008.

6. Salmi J., Saroyan A. League Tables as Policy Instruments: Uses and Misuses // Higher Education Management and Policy. 2007. Vol. 19. No. 2.
7. Higher Education to 2030. Vol. 1. Demography. Paris: OECD Publishing, 2008.
8. Стандарты по предметам начальных классов общеобразовательных организаций КР
9. Закон об образовании КР